УДК: 28:94(5)

**Сапанов А. Б.**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Сапанов А.Б.**
Магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Sapanov A.B.**
masters student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИН КАБЫЛ АЛУУСУ

# ПРИНЯТИЕ ИСЛАМА КЫРГЫЗАМИ

# ACCEPTANCE OF ISLAM BY THE KYRGYZ

**Аннотация:** Бул макалада исламдын Борбордук Азияда, Кырргызстанда таралышы изилденди.
**Аннотация**: В этой статье рассматриваются истоки и развитие ислама и его распространение среди народов Центральной Азии и Кыргызстана.
**Abstract:** This article examines the origins and development of Islam and its spread among the peoples of Central Asia and Kyrgyzst ethics.
**Ачкыч сөздөр:** ас-салам, куран, дин, ислам, сүрөө, адеп.
**Ключевые слова:** ас-салам, коран, религия ислам,аят, сура, этика.
**Keywords:** al-salam, quran, islamic religion, ayat, sur.

Ислам – дүйнөлүк диндерге кирет. VII кылымда араб жарым аралында негизделген. Ислам деген сөз араб тилиндеги «ас-салам» жана «истислам» деген сөздөрдүн туундусу болуп эсептелип, кыргыз тилинде «тынчтык» жана «өзүн тапшыруу» деген маанилерди туюндурат. Исламдын негизги кредосу катары дайыма колдонулган: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммад (С.А.В) анын элчиси» деген келме бар. Ушул келме Исламды кабыл алуунун негизги парзы. Келме эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү – адам баласы үчүн сыйынууга ылайыктуу, ага ырыскы берүүчү, өмүр, жашоо тартуулоочу бир гана Аллах экенин мойнуна алуу. Экинчиси – Аллахтын буйруктарын, аткарыла турган ибаадат-сыйынуулардын эрежелерин Мухаммад (С.А.В.) пайгамбар көрсөткөндөй аткаруу керектигин моюндоо болуп саналат [1].

Исламдын негизги китеби – Куран. Куран Жебирейил периште аркылуу Мухаммад пайгамбарга түшүрүлгөн. Ал Аллах тарабынан түшүрүлгөн акыркы китеп. Куран араб тилинде болуп, жалпысынан 114 сүрөдөн турат. Анын 90 у Меккеде түшсө, 24 ү Мадинада түшкөн. Жалпысынан 6236 аяттан турат. Куран 30 бөлүктөн (жуз) турат. Эң биринчи Куран аяттары 610-жылы Меккеде түшкөн. Ал аяттар Курандын 96-сүрөсүнүн алгачкы беш аяты болгон [2]. Куран жыйырма үч жыл ичинде түшүрүлүп бүткөн. Куран аяттарынын маанилери азыркы учурда 200 дөн ашуун тилге которулган.

**Ислам дининин Орто Азия элдерине жана кыргыздарга таралуусу:** Ислам дининин өкүлдөрү болгон арабдардын Орто Азия аймактарына кирүүсү VII кылымдын башына туура келет. Айрыкча 705-жылы Хоросан, азыркы Иран жана Афганстандын чыгыш-түндүк

тараптарына Кутайба ибни Муслимдин келүүсү менен Орто Азиядагы Аму жана Сыр дарыяларынын аралыгындагы аймактар (Мавараун-нахр) Ислам динин кабыл кыла башташкан. 714-жылга чейинки аралыкта арабдар бул аймактарды толук бойдон ээлеп, Ислам динин тарата башташкан. 750-жылы Умайид халифасы кулап, халифалыкка Абул Аббас аттуу адам келген. Ошол күндөн баштап, 500 жылга созулган Аббасийлердин халифалык доору башталган. 750-жылы Хоросан валиси Абу Муслим Сары-Өзөндүн чыгыш-түндүк жана түндүк тараптары Талас, Ысык-Көлдүн жээгиндеги карлук аймактарына чабуул жасаган. Тан империясы Гавшан аттуу адамды башчы кылып 30 миң аскер менен Таласка жиберген. Бирок, бул жерде жашаган карлуктар араб аскерлерине жардам берип, натыйжада Тан империясынын аскерлери жеңилүүгө дуушар болгон. Ушул кагылыштан кийин Орто Азия аймактары толук бойдон Тан империясынын карамагынан бошогон. 766-жылы бул аймакта Карлук каганаты тикеленген.

Кутайба ибни Муслим 710-жылда Согдиянага (азыркы Харезм областы) кадам таштап кирген араб аскер башчысы болуп эсептелет. Кутайба ибни Муслим 710-жылда Орто Азия чек арасына кирген болсо, беш жыл аралыгында бул чоң аймактагы бардык падышаларды багынтып, 715-жылда Кашкарга чейин жетип, Кытай императоруна элчи жибергенге жетишкен [3].

Кээ бир атеист тарыхчылар Исламды жек көрсөтүү максатында Кутайба ибни Муслимди мыкаачы аскер башчы катары жана исламды күч менен жайылтуучу адам катары эсептешкен. Бирок, Кутайба ибни Муслимдин портретине мындай жалаа жабуулар такыр туура келбейт. Анткени, биринчиден ал жөн гана аскер башчы эмес, ислам динин терең түшүнгөн аалым жана Аллахтан корккон такыба адам болгон. Ал кайсы жерде болбосун адамдарга Куран көрсөткөндөй мамиле жасаган. Ошол доордогу мусулмандардын эмирлери Ислам таалимин терең түшүнгөн аалымдар болгон. Кутайба ибни Муслимди Хоросан вилаятына наиб (орун басар) кылып дайындаган Абдул Малик ибни Марван болгон.

Ал жөнүндө Мухаммад ибни Фарид Важдий жазган «XX кылымдын энциклопедиясы» деген китебинде минтип айтылган: «Абдул Малик ибни Марван Омайед халифтеринин бири. Абдул Малик такыба ибадаткөй болгон. Ал Мадинага эмир болуп дайындалганда 16 жаштагы өспүрүм жигит эле. Ал, Усман, Абу Хурайра, Абу Саид, Умму Салама жана Муавия сыяктуу улуу сахабалардын насааттарын уккан. Ага чейин Ислам тарыхында Абдул Малик деген ысым болгон эмес».

Абдул Малик ибни Марван адамдарды Куран-сүннөт өкүмдөрүн бекем кармоого жана илимди сүйүүгө чакырган».

Кутайба ибни Муслим келген убакта Орто Азия элдери негизинен «Теңир» деген чоң кудайга, ага кошуп «Жер-Суу», «Буюрт», «Умай» (Кумайык) ж.б. майда-чүйдө кудайларга жана арбактарга сыйынган шамандык динди карманганы менен, бул ишенимдерине көңүлдөрү толбой, тегеректен келген Буддизм, Иудаизм, Христиан жана Маанийлик диндеринен кайсы бирин кабыл алсак экен деп турган кези болчу. Бул маселе Түрк каганы Билге ханды да ойлонтуп, ал өзүнүн вазири жана кайнатасы Тонукөк менен кеңешкенде Тонукөк минтип айтат: "Бул дин (Буддизм) адамдарды өтө жооштукка жана кедейликке үгүттөйт. Бул дин түрктөрдүн баатырдык табиятына дал келбейт. Натыйжада көп сандуу кытай баскынчыларына туруштук бергенге элдин кудрети жетпей калат.

Билге хан башчылыгындагы түрк журт аталары бардык диндерди таразалап турган ушул мезгилде биздин мекенибизге Ислам дини кирип келген жана көпчүлүк түрктөр бул динди башкаларынан артык көрүп, өз ыктярлары менен тандап алышкан.

Ислам дининин адамдардын адеп-ахлагына тийгизген таасири күчтүү болгондуктан Орто Азия элинин кабыл алуусу жеңил болгон. Диндин жашоо-турмушка жэңилдик алып келүүчү баалуулуктарын аңдап түшүнө алган жэргиликтүү эл аз эле убакыттын ичинде биринин артынан бири динди кабыл ала башташкан. Натыйжада, Х кылымдын орто чегинде Карахандар каганатынын заманында Ислам мамлекеттик дин болуп кабыл алынган. Ислам дининин илим-билимге болгон жогорку көз карашынын натыйжасы катары, ушул доордо Орто Азия дүйнөлүк цивилизацияга чоң таасирин тийгизген ислам окмуштууларын тартуулай алган.

Алар акылман-философтор, энциклопеддер: ал-Фараби, Ибн Сина, Беруни, Ибн Рушд, Махмуд Кашкари жана ойчул акындар Рудаки, Фирдауси, Жусуп Баласагын, Омар Хаям, Югнаки, Низами ж.б.у.с.

Бируни химиялык элементтердин жеке салмагын өлчөөчү аспаптарды жасаган. 18-элементтин жеке салмагын өлчөп чыккан. Жарыктын ылдамдыгы үндүн ылдамдыгынан тез экендигин тапкан [4].

Махмуд Кашкари XI кылымдын башында Ысык-Көлдүн Барскоонунда туулган. Ал түрк тилинин алгачкы сөздүгүн түзгөн. Жусуп Баласагын азыркы Токмок шаарынын жанындагы Баласагын шаарында туулган. Ал түрк адабиятынын шедеври болгон «Кут алчу илим» поемасын жараткан.

Грек илими жана философиясы европалыктарга чыгыштын мусулман окмуштуулары аркылуу жеткен. Астрономия, философия, химия батыш илимине өтө чоң таасирин тийгизди. Айрыкча, мусулмандардын философияга болгон көз карашы жогору болгондуктан, Платон жана Аристотель сыяктуулардын эмгектери түпкү грек нускасы менен эмес мусулмандардын котормосу жана түшүндүрмөлөрү аркылуу таркаган. Аристотелдин эгмектеринин гүлдөп-өнүгүүсү «чыгыш Аристотели» атка конгон Абу Наср ал-Фарабиге таандык.

Демек, кыргыздар дин баалуулуктарын бүгүнкү күндөгү кээ бир адамдар сыяктуу атеисттик көз караш менен эмес, чыныгы ишеним көз карашы менен карап анын даамын тата алышкан.

XXI кылымдын суусун ичкен бүгүнкү күндө да Исламга туура көз караш менен карап, анын баалуулуктарын туура пайдалана алсак, азыркы руханий жана экономикалык каатчылыгынан жеңил эле чыгып кетүү мүмкүнчүлүгү бар.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А. Табышалиева. Вера в Туркестане. Бишкек. 1993. 100-бет

2. Бакытбек Амир уулу Малтабаров. Религия и социално-политическое процессы в Кыргызстане. Бишкек. 2002. 45-бет.

3. Куран

4. Имам Бухарий. Жамиус Сохих. Намаз. 389. 68.


**Рецензент: т.и.д., профессор Курбанова Н.У.**